**Арзымкан бостонов атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун**

**№1 Токтому**

**5-сентябрь 2022-жыл** **Семиз-Бел айылы**

**Катышты-59 -ата-эне**

**19-мугалим**

**Каралуучу маселелер.**

1.Электрондук күндөлүктү мектепте колдонуу боюнча уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу боюнча.

2.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 30-август 2022-жылдагы №1655/1 сандуу буйругун тааныштыруу.

3.Окуучулардын коопсуздугун караган СБ айлык акысынын суммасын белгилөө.

4.Окуучулардын тартип тазалыгы жана сабакка катышуусу боюнча.

**Угулду.**

Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин директору С.Чаарчокиеванын сөзү:

1-маселе.Урматтуу ата-энелер! Заман озгөрүп, алга умтулуп күн сайын жаңылануу болуп жатканынын корүп билип жатасыздар. Билим тармагында дагы заманбап технологияларды колдонуу керек экенин заман талабы экенин байкап жатасыздар, ошондуктан биздин да мектеп мезгилден артта калбай электрондук күндөлүк коомунун генералдык директору Балтабаев Сагындык менен келишим түзүлүп, мындан ары ошол келишимдин негизинде иш алып баруу аракети көрүлүп жатат.
Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Арымбаева Аида “Күндөлүктүн” шарттарын колдонуу эрежелери менен тааныштырды. Ошону менен бирге “Күндөлүк үчүн жылдык маянасы ар бир окуучуга 90 сомду түзөөрүн, быйылкы окуу жылында 9 айга 90 сом төлөнөрүн айтты жана ар бир класс жетекчи класстык ата-энелер жыйналышында 10% жеңилдетүүлөрү жөнүндө талкуулап токтомдорун түзүп коюусу керек экени эскертилди. 10% жеңилдетүү кимдер үчүн берилери айтылды.

1. Жетим балдар
2. Аз камсыз болгон үй-бүлөөлөр.
3. Көп балалуу үй-бүлөөлөр.
   Уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу боюнча.

Тарбия иштеринин уюштуруучусу Акылбек Мырзабек уулунун сөзү:

2-маселе Уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу боюнча.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 30-август 2022-жылдагы №1655/1 сандуу буйругу менен тааныштырды.

Scanned by TapScanner

3-Маселе. Окуучунун коопсуздугун сактоо боюнча иштеген коопсуздук кызматкердин айлык акысын бүгүнкү жыйналышта чечип алалы. СБ кандай жумуш жасайт?

Мугалимдер сабакта отурганда сырттагы абалды көзөмөлдөп турат. Жардамы чоң. Сиздердин макулдугуңар менен айына мурдагыдай эле 15 сомдон төлөп берели. Ар бир класста көп балалууларга, турмуш шартынан кыйналгандарга жеңилдик берилет, төлөшпөйт. Класс жетекчилер бул боюнча иш алып барышат.

Ата-эне Айталиев Алтымыш.

Мен макулмун, коопсуздук кызматкерди иштетип алалы. Бизге балдардын коопсуздугу керек. Сабактардан качпай, тартипти сактап жакшы болуп калышат экен блдарыбыз.

Обонбаева Зинакан ата-эне

Мен да макулмун. Акысын төлөп берип, иштетип турушубуз керек. Балдарыбыздын коопсуздугу үчүн.

4-маселе боюнча Мырзабек уулу Акылбек. Тартип-тазалык боюнча айтып кетейин. Окуучуларды форма: ак көйнөк, кара шым кийгизип саат 8.00дон кечиктирбей сабакка жибериңиздер, тартиптерин көзөмөлдөп кечинде көчөгө чыгарбоону эскертем.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу**

**Токтом кылат:**

1.Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинде "Күндөлүк" электрондук системасы менен иш алып баруу жандандырылсын. "Күндөлүк" тейлөө маалыматтык технологиялар менен түзүлгөн келишимдин негизинде төлөмдөр төлөнсүн жана жеңилдиктер каралсын.

2.Уюлдук байланыш каражаттарын мектепке алып келүүгө тыюу салынсын. Буйругу иш жүзүнө ашырылсын.

3.Окуучулардын коопсуздугун караган коопсуздук кызматкерге айлык акысы 15 сомдон белгиленсин.

4.Мектеп жана ата-энелердин ортосунда байланыш мурункудан да кучотүлсүн.

Бул токтомдун аткарылышы тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Мырзабек уулуна жана соц педагог М.Асанбековага милдеттендирилсин.

Чогулуштун торагасы: А.Мырзабек у.

Катчысы: А.Кубатбекова

Scanned by TapScanner